реалдуу жылыштарды эске алуу менен түзүлөт. Сабактын планында төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

1. Тема жана темадагы сабактын номери;
2. Базалык окуу китеби;
3. Максат;

   ***Максат*** – бул мугалимдин жетекчилиги астында бүткүл сабак процессинде окуучулар өздөштүрүүчү билимин, алган тарбия – талиминин , ээ болгон ой жүгүртүү амалынын натыйжасы. Максат адатта “ аныктоо”, “ таанышуу”, “ камсыз кылуу”, “ калыптандырууну улантуу”, “ бышыктоо” деген сөздордүн жардамы менен тузүлөт. Сабактын максатын коюда этиштик формалар колдонулбайт. Максат спецификалык , конкреттүү, реалдуу жана диогностикалуу (болжолдуу) болушу тийиш.

4. Сабактын маселелери (билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүтүрүүчүлүк);

   ***Маселелер*** – белгилүү педогогикалык шарттарда окуу процессинин аралык звенолорунда жетишеле турган натыйжалар. Ар бир сабактын билим берүүчүлүк (билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу), тарбиялык (инсандын белгилүү сапаттарын калыптандыруу) , өнүктүрүүчү (окуучулардын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн акылын, эркин , эмоциясын онүтүрүү) масалелери болот. Маселелерди “ кайталашат”, “текшеришет”, “түшүнүшөт”, “ үйронушөт”, “калыптандырышат”, “ тарбияланышт” ж. б.у.с. этиштердин жадамы менен түзүү сунушталат. Сабактын маселелери сабактын максатына жетүү жолдорду чагылдырат.

5. ***Сабактын тиби;***
6. Окутууну уюштуруу формалары;
7. Окутуу демонстрациялардын тизмесин жана орду;
8. Сабактын ар бир этабынын мөөнөтү;
9. Сабактын жабдылышы;